деңгээлдеги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрө алган даярдыгы барларды тандай алууга багытталат.

**4.4.** Мектеп кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу , башка да жергиликтүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

**4.5.** Бир мектептен экинчи мектепке которулган окуучу жетишүү табелинин негизинде кабыл алынат.

**4.6.** Окуучулар жамаатынын ишмердүүлүгү өзүн-өзү башкаруу уюмунун негизинде алып барылат жана билим сапатын жакшыртуу, тартипти орнотуу, чыгармачылыгын өркүндөтүүгө салымын кошот.

**4.7.** Окуучулардын катышуусу менен өткөрүлө турган иш-чаралар белгиленген убакытка чейин аякташы зарыл.

**4.8. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.**

Окуучулардын укуктары жана милдеттери "Билим берүү жөнүндө " мыйзам жана ушул Устав менен аныкталат.

Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- Мектептин ар кайсы этабына сынактын негизинде окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- Кошумча билим берүү кызматы, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде билим алууга;
- Мектептин китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча 1-4-класстардын окуучулары бекер тамактанууга, медициналык тейлөөгө;
- Уставда аныкталган таризде мектеп башкарууга катышууга;
- Инсандык кадыр-баркын урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- Жалпы негизги билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык)*

**4.9. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү;**

- Мектептин уставын сактоого жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде мектеп программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, мектептин башка улутундагы окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- Мектепте ички тартипти сактоого анын ичинде мектеп формасында жүрүүгө (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тартипте);
- Мектепте уюлдук телефон аппаратын колдонбоого;
- Мектептин коомдук-пайдалуу иштерине активдүү катышууга;